УДК: 347.782 (07)

Акматов Д.А.
*Кыргыз билим берщщ академиясы, Бишкек ш.*
Орозобаев А.К.
*К.Тыныстанов атындагы Ысык-Кёл мамлекеттик университети*

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ЖАКТАН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Түйүндүү сөздөр:*** *технология (черчение, эмгекке үйрөтүү) предметтери, эстетикалык тарбия берүү, стандарттын жаңы мууну, предметтерди интеграциялоо*

Коомдогу өзгөрүүлөр адам баласынын жашоо тиричилиги үчүн азыркы учурдагы илим менен техниканын дүркүрөп өскөн доорунда эртеңки келечек ээлери болгон жаш муундарды болочок турмушка даярдоодо учурдун талабынан артта калбай окуу- тарбия иштерин жүргүзүүгө жаңыча мамиле кылууну талап кылууда. Анткени мамлекетибиздин эртеңки келечеги, тагдыры бүгүнкү күндө биз окутуп, тарбиялап жаткан окуучуларыбыздын колунда.

Азыркы учурдун Кыргызстандын билим берүү тармагынын негизги проблемалары катары базар экономикасынын татаал, атаандаштык шарттарында жаш өспүрүмдөрдү учурдун талабына ылайык, көркөм сулуулукка, техникалык дизайнга, эмгек маданиятына окутуп-үйрөтүщ эсептелет. “Биздин келечектеги жаш муундарыбыз жаңы коомдо кандай болуусу керек?” деген суроого дени сак, билимдүү, жан дүйнөсү таза, ички дүйнөсүнө сырткы келбети төп келген, жүрүм-туруму адептүү, көркөм–эстетикалык табити өнүккөн, эмгек көндүмдөрү бийик деңгээлде калыптанган, маданияттуу инсанды элестетебиз. Жогоруда аталган сапаттары калыптанган инсанды тарбиялоо жалгыз агартуу тармагында эмгектенгендердин колдорунан келүүчү иш эмес экендиги турмуштук тажрыйбадан улам маалым. Бул жалпы коомчулук менен мамлекеттик деңгээлде жалпы маалыматтык каражаттар менен биргелешип иштегенде гана ишке ашат.

Кандай болгон күндө да, эстетикалык жана техникалык жактан окутуп-үйрөтүүдө искусство боюнча билим берүү тармактарында, көркөм өнөр, технология (эмгекке үйрөтүү, черчение предметтери боюнча буга чейинки аткарылган иштерди билбей туруп, жаңы багытты аныктоого кыйын. Жергебизде 1950-жылдарга чейин жогоруда аталган предметтер боюнча окуу программалар, айрым методикалык китептер, негизинен, орусчадан кыргызчага которулуп окутулуп келген. Ал кезде педагогика институтунун дене тарбия, музыка, сүрөт секторунун кенже илимий кызматкери Мукаш Караев борбордон келген окуу программалардын аткарылышын көзөмөлдөп, мугалимдердин алдыңкы иш тажрыйбаларын жайылткан. Сүрөт сабагынын окуу программасындагы айрым темаларды жергиликтүү материалдар менен толуктаган. 1960-жылы «Мектептерде сүрөт искусствосу боюнча аңгемелешүү», 1961-жылы «Сүрөт өнөрү боюнча аңгемелешүү» деген эмгектери кол жазма түрүндө архивде сакталып калган.

1960-жылдардан 1984-жылдарга чейин республикабыздын мектептери сүрөт сабагын В.Кузиндин окуу программасы менен окуган. Бул программада окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алып, кыял-чабытынын эркин өнүктүрүүсүнө жетишерлик маани берилген эмес. 1985-жылы ушул эле программанын негизинде жергиликтүү материалдар киргизилип, кыргыз мектептери үчүн М.Г. Жуленков, Ж. Садыгалиев, К.Н.Абышев, К.И. Элебесовдор тарабынан окуу программасы түзүлгөн.

Программалык материалдарды ишке ашыруу максатында Ж.Садыгалиев башталгыч класстын мугалимдери үчүн сүрөт искусствосу сабагын окутуу боюнча бир катар методикалык колдонмолорду иштеп чыккан.

80-90-жылдары В. Кузиндин программсына альтернативалуу Б.М.Неменскийдин программасы боюнча республикабыздын айрым мектептеринде жүргүзүлгөн эксперименталдык иштер өзүнүн оң натыйжасын берген. Бирок жумасына эки-үч сааттык жүктөм менен өзүбүздө сатыкта жок көркөм каражаттарды таап, бул программаны калган мектептерде да ишке ашыруу мүмкүн болгон эмес. Андан кийин мурдагы «Сүрөт» деп аталып, көп маани берилбей келген предметтин аброюун жогорулатуу максатында жергиликтүү шарт, мүмкүнчүлүктөрдү эске алып, жаңы окуу программа 1993-жылы республикабыздын тажрыйбалуу мугалимдери, Д.А.Акматов, С.Бердибаева,Т.М.Мүсүралиева, К.М.Момуналиев, И.Б.Бакировдор тарабынан түзүлүп, жер-жерлерде сынактан өткөрүлгөндөн кийин, республикабыздын мектептери үчүн сунушталган. Затына жараша 1997-жылы предметтин аталышы «Көркөм өнөр» болуп өзгөргөн. Предметтин атынын өзгөрүшүнө мурдагы окуу программасындагы көркөм өнөрүнүн түрдүү тармактарынын ичинен жалгыз сүрөт өнөрү менен чектелип, «Сүрөт» сабагы деп аталып келгендиги себеп болгон.

«Көркөм өнөр» башталгыч класстарда окутулуп келген мурдагы сүрөт искусствосу жана эмгекке үйрөтүү предметтеринин интеграциясы болуп эсептелген. «Көркөм өнөр» предметинде окуучулар түрдүү көркөм каражаттар менен иштээрин, окуучулар тиешелүү тапшырмаларды класста толук аткаруу, башкача айтканда, башталган ишти бүтүрүү үчүн жок дегенде эки саат керек болсо да, эки предметке бөлүнүүчү эки сааттын бири окуу планында көркөм өнөр тармагын жакшы түшүнбөгөн адистердин айынан туура эмес кыскартылып калган. Мындай жаңылыштык кайрадан кайталанбаса болду, бир саатта бүтпөй калган ишин окуучу жети күндөн кийин кантип улантат? Уланткан күндө дагы ал сабак максатына жетеби? Жөн эле сабактар өтүлүп жатат дебестен, өтүлгөн сабактардын сапаты, коюлган максатына жетүүсү көңүлдүн борборунда болуусу керек эле.

Союз мезгилинде КР элге билим берүү министрлигинин коллегиясынын 16.06.1989-жылкы № 3/6 чечими менен Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептерде эстетикалык билим тарбия берүүнүн концепциясынынын долбоорундагы көркөм өнөр багытын М.Г.Жуленков, Т.С.Сыдыков, С.Ч.Чокморов, Б.С.Дараган, Д.А.Акматов, А.Бакиров, К.С.Энкебаев, Л.И.Гришковец, М.Ш.Алыгулов, Ж.Сыдыгалиев, Ч.С.Омурзакова, М.А.Абдыкеримовалар иштеп чыгышкан.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциялары КР билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз билим берүү институту тарабынан профессор И.Бекбоевдин жетекчилиги менен иштелип чыккан. 1995-жылы басылып чыккан ал жыйнакта КР "Билим берүү жөнүндөгү законуна" ылайык, мектептерде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциялары берилген. Ошондой эле, анда бир катар предметтердин окуу план, программаларын, китептерин түзүүчү авторлорго, мугалимдерге жана билим берүү мекемелерине карата кеп-кеңештер орун алган.

Союз таркап, Кыргыз мамлекети эгемендүүлүктү алгандан бери жогоруда аталган үч предмет эч кароосуз калды десек, жаңылыштык болбос. Андан бери канчалаган педагогикалык окууларда, конференцияларда кесиптик билимдерин өркүндөтүүгө келген мугалимдердин көйгөйлүү маселелери, өтүнүчтөрү, түрдүү маалыматтык каражаттарында маалымдалганы менен, билим берүү министрлиги тарабынан, мамлекеттик деңгээлде бир да маселе колдоого алынып, чечилген эмес.

Кыргыз Республикасынын мектепте билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү Стандарты Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-июлундагы Билим берүү министрлигинин № 554-токтому менен бекитилген. 2005-жылдын 18-майындагы № 251/1-буйругунун негизинде Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар Кеңешинде талкуулангандан кийин, көркөм өнөр, черчение, эмгекке үйрөтүү предметтери

боюнча иштелип чыккан мамлекеттик стандартына айрым өзгөрүүлөр киргизилип, 2006-жылы кайрадан иштелип чыкан.

Азыр Кыргызстандын билим берүү системасын реформалап, жаңы принциптерге шайкеш келтирүүнүн жолдорунун бири – бул Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Алкактык улутттук программасы болуп саналат. «Көркөм өнөр» (искусство) билим берүү областынын алкагында эстетикалык билим-тарбия берүү боюнча окуучулардын эстетикалык дүйнө таанымын, алардын жалпы адамзаттык жана улуттук маданият дөөлөттөрүн өздөштүрүүсү аркылуу калыптандырууга багытталды. Мектептеги ар бир баскычтын милдеттерин эске алууда, окуучулар көркөм өнөрдүн (искусствонун) негизги түрлөрүн (адабият, музыканы, сүрөт өнөрүн ж.б.) тандап-билип, өздөштүрөт. Бул алардын чыгармачыл дараметин ачууга жана көркөм ишмердикти ишке ашыруу ыкмаларын өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт. Көркөм өнөр, черчение, эмгекке үйрөтүү предмети боюнча программаны (куррикулумду) түзүүдө эстетикалык билим, тарбия берүүнүн концепциясындагы жакын арадагы ишке ашыруунун перспективасы, предметтик билим берүүнүн стандарттары жана окуу программалары эске алынды. Көркөм өнөр боюнча окуу программасынын алгачкы варианттарын түзүүдө, сөзсүз, эстетикалык билим, тарбия берүү багытындагы өнүккөн мамлекеттерде кандай иштер жүргүзүлүп, жаткандыгын билип, анализ жүргүзүп, алардын тажрыйбаларын өзүбүздүн ишибизде колдондук. Бул жогоруда аталган предметтердин мезгилдин талабына ылайык окутулушу кандайдыр бир даражада коомдун руханий өнүгүүсү эле эмес, экономикалык жактан өсүшүнө дагы байланыштуу. Өзүбүздөн чыккан табигый каражаттарды, кен байлыктарды, өзүбүз иштете албай башкаларга арзан баада өткөрүп берип даяр товарларды кайра кымбатка алабыз.

Өзүбүздүн жаштарыбыз жумуш таппай, ар тарапта жүргөндүгүнүн, элибиздин жакырчылыктын чегинде жашоосунун себептери эмнеде деп баш катырабыз. Балким, анын бирден-бир себептери жогоруда аталган предметтерди мезгилдин талаптарына ылайык өздөштүрбөй жүргөндүгүбүздө болуп жүрбөсүн?

Жаңы түзүлгөн окуу программасынын негизинде окутуунун мурунку союз мезгилинен бери келаткан окутуудан айырмасы - теориялык билимдерге гана басым жасалбастан, окуучулар алган билимин аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен турмушунда, өзү жашаган чөйрөдө кеңири колдонууга багытталары болуп саналат.

Эстетикалык жана техникалык билим берип, эмгекке тарбиялоо багытында ишти жаңы деңгээлге көтөрүүдө, сөзсүз, буга чейинки кетирилген кемчиликтер, түшүнбөстүктөр эске алынып, оңдолуп, кийинки келечектүү иштерди аткарууга тоскоол болбогондой, алгылыктуу жактары унутта калбагандай болуусу - азыркы учурдун талабы.

Жакынкы жылдары Азия Өнүгүү банкынын (АӨБ) «Билим берүүнүн экинчи долбоорунун» алкагында Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан орто мектептердин тажрыйбалуу предметтик мугалимдеринин катышуусунда иштелип чыккан жаңы окуу программасына ылайык, КР жалпы билим берүүчү мектептеринин 1-4-класстары үчүн биринчи жолу «Көркөм өнөр» предмети боюнча армениялык кесиптештер менен бирге республикабыздагы тажрыйбалуу мугалимдери К.Рыскелдиев, Ж.М.Мамбеталиев, Н.Ө.Дөөлөтбаева, А.З.Бөлөкбаевалар окуучулар үчүн окуу китептери, альбом жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор даярдалып, республикабыздын мектептерине таркатылды, 4-класстын окуу топтомдору сынактан өтүп, басууга сунушталды. Бул окуу топтомдору мезгилдин талабына жараша көп убакыттар аралыгында жыйналган тажрыйбаларды ичине камтыйт. Мугалимдер жана окуучулардын чыгармачылык жөндөмүнө жараша темага ылайык вариативдүү берилген сабактардын үлгүлөрү менен таанышып, аларды тандап пайдаланса болот. Көркөм өнөр предмети боюнча альбом жана методикалык колдонмолорун пайдаланып сабак өтүп жаткан мугалимдар менен ой бөлүштүк. Алар учурдун талабына ылайык кенже курактагы

окуучуларга эстетикалык билим тарбия берүү багытындагы жаңы окуу топтомдор алгачкы саамалык экендигин, окуучулардын кызыгуу менен чыгармачылык иштерди аткарып изденип жаткандыгы боюнча жакшы маанайдагы ой-пикирлерин билдиришти.

"Буга чейин мамлекетибиздин келечеги болгон жаш муундарды эмгекке тарбиялап, техникалык билимдерин, эстетикалык татымдарын калыптандырабыз" деп, жогортон айтылганы менен, бул багыттагы предметтерди жакшыртуу максатында атайын пландаштырылган иштер түрдүү себептер менен аткарылбай келген.

5-7-класска чейин окуучулардын шык-жөндөмү кайсы кесипке ылайыктуу болору жаңыдан байкалып келе жаткан учурда, эстетикалык тарбия берүү багытында көркөм өнөр, музыка предметтери жетинчи класстан бүтүп калып, андан ары улантылбай келди. Эми таланттуу балдар үчүн профилге чейинки 8-9-класстарда, ал эми, профилдик окутууну мектептин 10-11-класстарында киргизүү керектиги көп жылдардан бери айтылып келүүдө. Буга чейин биз талкуу менен эле чектелдик. "Көркөм өнөр" (Искусство) билим берүү тутамындагы адабият, музыка, көркөм өнөр предметтеринин мазмуну интеграцияланышы керек. 8-9-10-11-класстарда окуучу жаңы предметти "Ата Мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданият" же "Көркөм өнөр маданияты" деп аталып, бул жаңы предмет 1-класстан 11-класска чейинки окуу материалдарын оптималдаштырылат. Щзгүлтүксүз окутуу маселелери элибиздин келечегин, көркөм мурастарын, маданиятын ойлогон жетектөөчү адистер, ардактуу окумуштуулар, белгилүү өнөр инсандары туура жолго багыттап, көмөктөшөрүнө терең ишенебиз. Азыркы учурда 5-7-класстар үчүн "Көркөм өнөр" предмети, ошондой эле "Технология" (эмгекке үйрөтүү, черчение) предметтери боюнча окуу программасына ылайык, окуу топтомдору үчүн окуу материалдары даярдалууда.

Ушундай эмгекке үйрөтүү багытындагы көйгөйлүү маселелерди чечүүдө Германия коомчулугунун техникалык кызматташтык уюмунун Регионалдык Бюросу «Борбордук Азиядагы базалык билим берүүнү колдоо» багытында Кыргызстанда "Технология" (эмгекке үйрөтүү, черчение) предметин окутууну жандандырып, жаңы деңгээлге чыгаруу боюнча жүргүзүп жаткан иш-аракеттери колдоого татырлык. Германиялык эксперттер Кыргыз билим берүү академиясы менен бирге эмгекке үйрөтүү (технология) предмети 5-9-класстарда окутуунун багыттарынын маанисине көңүл буруп, эмгек рынокторундагы компетенцияларынын талаптарына ылайык окуу материалдарынын долбоорун иштеп чыкты.

"Технология" (эмгекке үйрөтүү, черчение) предметинин окутулушунун учурдагы абалын аныктоо жана ага колдоо көрсөтүү максатында Германия коомчулугунун техникалык кызматташтык (GIZ) уюму, азырынча, республикабыздын борборундагы жана Каракол, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы жети мектепти техникалык жабдуулар (верстактар, табуреткалар, шкафтар, станоктор, тигүүчү машинкалар, инструментер, иштетүү үчүн каражаттар ж.б.) менен камсыздоо иштерин жүргүздү. Бул сыяктуу пилоттук мектептерде эскирген электр жабдыктарын жаңы менен алмаштыруу европа мамлекеттериндеги коопсуздукту алдын алуу боюнча кабыл алынган талаптарынын ылайык өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйругу боюнча, Кыргызстандагы германиялык Эл аралык кызматташтык коомунун «Борбордук Азияда билим берүү системасын реформалоо» иши регионалдык программасынын алкагында «Жалпы билим берүүчү мектептеринде практикалык окутуу» аттуу экинчи компонентин ишке ашыруу максатында 2012-2014-жылдардын аралыгында пилоттук мектептердин "Технология" предметинин мугалимдери окуу праграммада көрсөтүлгөн жети модуль боюнча түрдүү каражаттарды иштетүүнүн негиздери боюнча теориялык жана практика жүзүндө методикалык кеңештерди алышты. Курс мектеп мугалимдери

менен эле чектелбестен, кийин келечекте окуучуларды кесипке багыт берүү максатын көздөп, ушул багыттагы жогорку окуу жайларынын мугалимдери да катышышты. Курста "Технология" сабагы боюнча пилоттук мектептер үчүн түзүлгөн окуу планына ылайык маалыматтар, ишке керектелүүчү материалдар, методикалык колдонмолор германиялык кесиптештер: профессор, доктор Кристан Хайн жана анын ассистенти Томс Вебер тарабынан даярдалып, сунушталды. Курстун жүрүшүндө мугалимдер жыгачты, темирди жана синтетикалык материалдарды иштетүүнүн технологиясын үйрөнүшүп, алардан күндөлүк жашоо турмушта керектелүүчү жөнөкөй буюмдарды техникалык чиймелердин жардамы менен жасоонун жолдорун өздөштүрүштү. «Энергетика» жана «Техниканы автоматташтыруу» модулдары Бишкек шаарында Кыргыз билим берүү академиясынын жана № 68 окутуу тарбиялоо комплексинин базасында өткөрүлдү. Республикабыздын жети областынан келип курстан өткөн мугалимдерге август айларындагы мугалимдердин кеңешмесинде жер-жерлерде өз кесиптештери менен ой бөлүшүп, тажрыйба алмашуусуна шарттар түзүлдү.

Буга чейин Өкмөт тарабынан келечекте мамлекетибизге кандай кесиптер боюнча канча кесип ээлери керектигин, аларды кантип жумушчу орундар менен камсыз кылуу боюнча ушул күнгө чейин пландоо иштери жүргүзүлө элек. Бизде жыл сайын мектепти бүтүргөн окуучулардын 90%ти жогорку окуу жайларга тапшырышса, Германияда окуучулардын 13%ти жогорку, 70%ти атайын орто окуу жайларында окууларын улантышат. Акыркы жылдары өлкөбүздө атайын кесиптик орто окуу жайларга такыр эле маани бербей, канчалаган ата-энелер болгон тапкан – ташыганын акыркысына чейин берип, балдарын жалаң алдыңкы жогорку окуу жайларына өткөрүү үчүн, анын контрагы үчүн төлөшөт. Натыйжада, көптөн күткөн дипломун алып, иш таппай көчөдө калууда. Ансыз деле кыйналып турган учурда майнапсыз, кур эле кесиптин ээси болууга кеткен ошол чыгымга жерин мыктылап иштетип, малдын башын көбөйтүп жакшылап бакса, балдарынын шык-жөндөмдүүлүгүнө жараша кесипти тандашса, жашоо-турмуштары бир кыйла оңолбойт беле? Же жогортон мамлекетибиз кандай кесиптерге муктаж экендигин, кандай кесипке канча орун керектигин эсептеп пландаштырып иш алып барса болбойбу?

Жыйынтыктап айтканда, жаш муундарыбызды кийин келечекте "көрүнгөндүн көзүн карабагандай, өз табиятындагы мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кесипти тандап, өз оокатына тың, маданияттуу, элинин дагы бакыбат жашоосуна кам көргөндөй кылып кантип, кандай билим - тарбия берип, аларды болочок турмушуна даярдай алабыз" деген маселе өтө көйгөйлүү. Ар бир окуучунун шык-жөндөмүн байкап, айрыкча, бүтүрүүчү класстарда келечекте тандап ала турган кесибине багыттоо иштерин окуу процессинде алдын-ала үзгүлтүккө учуратпай уюштуруп, кесипке багыттоочу (профилдик) билим берүү - азыркы учурдун талабы.